**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

Д 10.11.028 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
УДК: 809.41.434.1(575.2)(043.3)

**Кабылов Тойчубек Бекмуратович**

# ИМПЕРАТИВДИН ЛИНГВИСТИКАЛЫК МААНИ-МАҢЫЗЫ

**10.02.19 – тилдин теориясы**

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасы үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2013**

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин орус филологиясы факультетинин чет тилдер жана маданий аралык коммуникациялар кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** филология илимдеринин доктору, профессор **Зулпукаров Капар Зулпукарович**

**Расмий оппоненттер:** филология илимдеринин доктору, профессор **Садыков Ташполот Садыкович**

филология илимдеринин кандидаты, доцент **Ниязалиев Болот Жусупович**

**Жетектөөчү мекеме:** Кыргыз-түрк «Манас» университетинин батыш тилдер бөлүмү

Диссертациялык иш **2013-жылдын 26-апрелинде саат 10дө** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту жана И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетиндеги филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д.10.11.028 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертациялык иш менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2013-жылдын 19-мартында жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
филология илимдеринин
кандидаты Семенова Ж.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Эмгек полипарадигмалык мүнөздөгү изилдөөлөрдүн катарына кирет. Илимий парадигма деп белгилүү бир тармактын ичинде пайда болуп, колдонгон метод-ыкмасы, концептуалдык системасы, обьектиси жана негизги жоболору менен обочолонгон изилдөө багытын айтууга болот. Биздин изилдөө салттуу тил илимине сүйөнүү менен өз кучагына менталингвистика, когнитивдик лингвистика, лингвопаремиология, этнолингвистика, лингвосемиотика, лингвокультурология, лингвопрагматика сыяктуу илимий парадигмалардын идеяларын, принциптерин жана ыкма процедураларын алат. Ошондуктан бул иште факты-материалдарды талдоо комплекстүү-синтетикалык өңүттө алынат.

Эмгектин темасынын **актуалдуулугун**:

- императив түшүнүгү грамматикада бир топ деңгээлде айкындалганы менен, түркологияда, анын ичинде кыргыз тил илиминде ушул маселеге байланышкан бардык проблемалар толугу менен чечилбегендиги;

- бүгүнкү күнгө чейин аталган проблематикага түздөн-түз тиешеси бар бир нече маселелердин: императивдин жалпы аныктамасын берүү, анын когнитивдик-лингвистикалык маңызын ар тараптан сыпаттоо, императивдин пикир алмашуунун ар түркүн чөйрөлөрүндө колдонулушун мүнөздөө, вербалдык жана вербалдык эмес түрдө жашашын тастыктоо ж.б.у.с. бир кыйла проблемалар ачык бойдон калып жүргөндүгү;

- императивдик сүйлөм-текст тууралуу да бул изилдөөлөрдө эч нерсе айтылбагандыгы;

- башка түрк тилдериндегидей эле, кыргыз тилинде да императивдин жаралуу жолдору, структуралык түрлөрү, функционалдык-семантикалык мүмкүнчүлүктөрү толук ачылбагандыгы, анын сандык жана сапаттык спецификасынын аныкталбагандыгы;

- императив синтаксисте буйрук сүйлөмдүн чегинде каралган учурда да ар тараптуу сыпаттоого ээ болбогондугу, анын текст түрүндө колдонулушу да лингвисттердин көз жаздымында калып келгендиги түзөт.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Бул диссертациялык изилдөөнүн темасы Ош мамлекеттик университетинин илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты** катары императивдин тилдеги лингвистикалык маани-маңызын аныктоо тандалып алынды.

Мындай максатты жүзөгө ашыруу үчүн иштин алдына төмөндөгүдөй зарыл **милдеттер** коюлуп чечмеленди:

1) императивдин кыргыз тилинде колдонулушунун семантикалык,

актанттык, менталдык жана когнитивдик өзгөчөлүктөрүн белгилөө жана аларды система түрүндө сыпаттоо;

2) императивдин лингвистикалык статусун аныктоо, анын морфологиялык көрсөткүчтөрүн, сүйлөм жана текст тутумундагы бөтөнчөлүктөрүн иликтөө;

3) кыргыз императивинин табияты, түрлөрү тууралуу маалымат топтоп, аларды талдап, жалпылап чыгып, когнитивдик-лингвисткалык максатка ылайык системалап жайгаштыруу;

4) императивдин парадигмаларын аныктоо жана аларга толук мүнөздөмө берүү, буларга лингвистикалык эмес факторлордун таасирин талдап чыгуу;

5) императивдик формалардын прагматикалык бөтөнчөлүктөрүн, функционалдык-семантикалык жана текст түзүүчүлүк потенциалын ачуу жана айкындоо;

6) императивдик сүйлөмдөрдүн тектеш жана тектеш эмес тилдерде берилишине салыштырма саресеп жүргүзүү;

7) императивдик сферадагы транспозициялык жана трансформациялык кубулуштарды карап чыгуу.

**Диссертациялык иштин натыйжаларынын илимий жаңылыгы.** Императив проблемасына системалуу изилдөө жасалышы, анын дефинициясы, чеги, түрлөрү, колдонуу жагдайлары, шарттарынын ар тараптан аныкталышы, бул түшүнүккө тиешелүү фактылар лингвистикалык «электен» өткөзүлүп, алардын морфологиялык, синтаксисттик же лексикалык гана эмес, **жалпы тилдик кубулуш катары сыпатталышы**, императивдин функционалдык милдеттеринин, семантикалык-конструктивдик түрлөрүнүн жана экстралингвистикалык өзгөчөлүктөрүнүн белгилениши изилдөөнүн жаңылыгын түзөт.

Императивдин өз кучагына вербалдык да, вербалдык эмес да кубулуштарды камтуусунун тастыкталышы илимий бөтөнчөлүк катары эсептелет.

Императивдин этиштин категорияларындагы ордун аныктоо, анын парадигмаларын мүнөздөө, анын прагматикасын ачып көрсөтүүгө болгон аракет кыргыз тил илиминдеги жаңылыктардан болуп саналат.

**Иштин практикалык баалуулугу.** Биздин бул иликтөөбүз тилдин көп тармактары менен байланышкан. Бул илимий иште каралып жаткан маселелер кыргыз тил илиминин теориялык базасын кеңейтет жана анын натыйжалары мындан аркы императивге байланыштуу изилдөөлөргө таяныч боло алат деген ойдобуз. Бул илимий иштеги фактологиялык материалдар жана теориялык жоболор түрк тилдериндеги императивди салыштырып изилдөөгө өбөлгө боло алат деген ишенич бар. Ошондой эле

изилдөөнүн теориялык жыйынтыктары, корутундулары жана жоболору кыргыз тилиндеги аскер терминдеринин калыптанышына шарт түзөт.

Изилдөөдө келтирилген материалдар, табылгалар жана жоболор лексикология жана грамматика (морфология, синтаксис) боюнча лекциялык жана практикалык сабактарды өтүү учурунда пайдаланууга жарамдуу. Изилдөөнүн мазмунундагы фактыларды кыргыз тилин окутууда колдонсо болот. Диссертациялык иштин материалы императив маселелери боюнча атайын курс, атайын семинарларды өткөрүүгө, окуу-методикалык колдонмолорду жана программаларды түзүүгө олуттуу жардам бере алат жана бул анын практикалык баалуулугу болуп эсептелет.

**Коргоого сунушталган жоболор:**

1. Императив – көп кырдуу, көп касиеттүү, ар кандай түзүлүштөгү жалпы тилдик категория.

2. Императивди морфологияда же синтаксисте эле изилдөө бир жактуулукка алып келет, анткени ал вербалдык эмес түрдө да жашай алат. Вербалдык каражат катары императив добуш-просодикалык, морфемалык (уңгу, мүчө), морфологиялык, синтаксистик жана тексттик мүнөздө боло алат.

3. Императивге кайрылуу, аны тандоо жана колдонуу экстралингвистикалык факторлор менен да шартталат. Буга кырдаал, шарт, адресанттын максаты, каалоосу, мүнөзү, адресаттын ал-абалы, жашы, иш-аракети, жорук-жосуну, мүнөзү, муктаждыгы ж.б. бөтөнчөлүктөрү таасирин тийгизет.

4. Императивди берүүчү негизги тилдик каражат – этиштин уңгусу. Туунду формалары ар түрдүү этиштик жана сүйлөмдүк-фразалык (каалоо-тилек, алкыш, бата, каргыш, тыюу, чакырык, ураан ж.б.) түрдө кездешет.

5. Императив адресантсыз жана адресатсыз жашабайт.

**Изилдөөчүнүн жекече салымы.** Материал топтоо, иреттөө, чечмелөө, анализдөө, жалпылоо, сыпаттоо ж.б. процедуралар изденүүчү тарабынан жекече аткарылды. Иштеги жаңылыктар жана негизги тыянактар ага таандык. Изилдөөнүн негизги мазмуну диссертанттын публикацияларында баяндалып берилди.

**Изилдөөнүн апробациясы.** Изилдөөнүн материалдары эки жолу ОшМУнун чет тилдер жана маданий аралык коммуникациялар кафедрасында талкууланган. Бул иштин айрым материалдары Ош МУнун кыргыз филологиясы факультетинде 2006-жылы апрель айында болгон «Мамлекеттик тилдин изилдениши жана окутулушу» аттуу илимий практикалык конференцияда, 2008-жылдын октябрь айында ОшМунун Индия борбору тарабынан уюштурулган «Индия-Кыргызстан: цивилизациянын аракетешүүсү (Взаимодействие цивилизаций)» аттуу эл аралык илимий практикалык конференцияда; 2010-жылы декабрь айында Орус мамлекеттик славян университетинин (РГСУ) Ош шаарындагы филиалы тарабынан уюштурулган эл аралык

конференцияда жасалган докладдарда туюндурулган. Бул проблема боюнча Ош МУнун “Лингвистика” адистигинде окуган 5-курстун студенттерине атайын семинар өтүлөт. Ушул теманын айланасында үч курстук иш жазылып, эки дипломдук иш корголду (2009, 2010).

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы.**

Иштин мазмунуна байланыштуу 8 илимий макала жарык көргөн.

**Диссертациялык иштин түзүлүшү.** Иш киришүүдөн, үч главадан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Иштин жалпы көлөмү – 161 бет.

## Иштин негизги мазмуну

Киришүүдө диссертациялык иштин актуалдуулугу, негизги максаты, милдеттери, илимий-теориялык жаңылыгы, практикалык мааниси, коргоого коюлуучу жоболору жана иштин апробациясы, түзүлүшү тууралуу маалыматтар берилет.

Биринчи глава «**Императивди изилдөөнүн жалпы принциптери жана мүнөздөмөлөрү (адабиятка сереп)»** деп берилип, төрт параграфтан турат.

Диссертациянын бул бөлүмүндө кыргыз тил илиминдеги, түркологиядагы жана орус тил илиминдеги императивдик сүйлөмдөрдүн изилденүү абалы жөнүндө маалымат берилип, лингвистикада бул проблемаларга байланыштуу айтылган пикирлер, берилген аныктамалар анализденди. Изилдөөнүн орчундуу принциптери, теориялык негиздери каралды. Түрк тилдериндеги изилдөөлөргө баян салынып, андагы айрым ажырым пикирлер, талаш-тартыштар көрсөтүлдү жана алар факт-материалдардын негизинде талкууланды.

1-параграф **«Императив түшүнүгүнүн жалпы тил илиминде каралышы»** деп аталып, жалпы тил илиминдеги императивдик сүйлөмдөрдүн изилденүү абалы жөнүндө маалымат берилип, лингвистика илиминдеги бул проблемаларга байланыштуу айтылган пикирлер, берилген аныктамалар жалпылаштырылат. Императивдин салттуу грамматикадагы орду, алардын бөтөнчөлүктөрү, түрлөрү жөнүндө сөз кылынат.

Лингвистика илиминде императивди изилдөө бай традицияга ээ. Бирок ошондой болсо да, бул терминдин колдонулушу жөнүндөгү бирдей түшүнүк, ой-пикир жок, ошондуктан адабияттарда анын колдонулушун ар кандай терминдер менен түшүндүрүшөт.

Императивдин түрлөрү, бөтөнчөлүктөрү бир топ изилдөөчүлөр тарабынан **жалпы тилдик категория** катары каралып, анын типологиялык негиздери аныкталган (Р.О. Якобсон, 1971; В.В. Виноградов, 1938; Р. В. Пазухин, 1974; В.С. Храковский, А.П. Володин, 1977, 1978, 1983, 2001;

Л.С. Ермолаева, 1977 ж.б.). Императив англис, орус, немис, венгр ж.б. терең изилденген тилдердин материалында этиштин ыңгай категориясына, жөнөкөй сүйлөмдөрдүн айтылыш максатына карата жиктелишиндеги буйрук сүйлөм, анын интонациясына, ошондой эле каратма сөздүн колдонулушуна жана кеп этикетине байланыштуу талданып келген (Н.С. Андреева, 1971; Е.И. Беляева, 1988, 1992; А.В. Бондарко, 1976; А.П. Володин, 1976; Вл. Грабье, 1983; Е. И. Зарецкая, 1976; А.И. Изотов, 1995, 1998; А.В. Исаченко, 1957; О.Г. Козьмин, 1966; Е.А. Крашенникова, 1983; А.М. Ломов, 1977; В.Д. Максимов, 1978; М.К. Милых, 1953,; Г.П. Молчанова, 1976; А.П. Мучник, 1955; В.П. Недялков, 1971; Н.И. Поройкова, 1980; Е.И. Санто, 1952; Д.Н. Шмелев, 1961 ж.б.).

Императивди көбүнчө *каалоо, буйруу, үндөө, сүрөмөлөө, түрткү болуу* деген сөздөр менен байланыштырышат. Орус грамматикасында (1982) «каалоо» менен «түрткү болуу» деген сөздөр синонимдик түшүнүк катарында каралган. Философиялык энциклопедиялык сөздүк  (1989) императив терминин (латынча imperatives – «буйрук») талап, буйрук, закон катары түшүндүрөт.

Салттуу грамматикада императив эки катышуучудан турган (сүйлөөчү жана угуучу) аппелятивдик баарлашуу катары сыпатталат. **Императивдин формалары** кыймыл-аракет жана анын процессин гана билдирбестен, **сүйлөөчүнүн кыймыл-аракетти аткарууга же аткарбоого болгон эркин, ниетин, каалоосун жана буйругун билдирет**.

Демек, императив терминин, биринчиден, сүйлөөчүнүн жашоого болгон каалоосу менен, кайсы бир аракеттин аткарылышы менен байланыштырса болот, себеби анын жардамы менен сүйлөөчү угуучуну кайсы бир кыймыл-аракетти жасоого чакырык же буйрук берип жаткандыгы анык. Экинчиден, буйрук сүйлөмдү колдонуу менен сүйлөөчү аңгемелешип жаткан адамдын иш аракетине кийлигишип кетет, себеби ал адресаттан белгилүү кыймыл-аракеттин аткарылышын талап кылат. Коммуниканттардын бири-бирине болгон мамилелерине жараша, алардын психологиялык, менталдык жана социалдык мүнөздөмөлөрүнө жараша, бул берилген буйрук же талап ар түрдүү интерпретацияга ээ болот.

2-параграф **«Императив түшүнүгү түркологияда жана кыргыз тил илиминде каралышы»** деп аталат жана мында кыргыз тил илиминдеги жана түркологиядагы императив термининин изилденүү абалы жөнүндө маалымат берилет.

Ал эми бул морфологиялык жана синтаксисттик маселелер түркология менен кыргыз тил илиминде алгылыктуу эле каралган. Тилдеги императив түшүнүгү түркологияда “императив” деген термин менен аталбаса да, буларга арналган атайын изилдөөлөр бар (М.А.Казем-Бек, 1839; Н.И.

Ильминский, 1861; М.Терентьев, 1876; П.М. Мелиоранский, 1894-1897; М.Н. Бектемиров, 1909; А.А. Троянский, 1914; Н.Г. Агазаде, 1968; У.М. Ярулина, 1968; Н.А. Баскаков, 1971, 1975; А.М. Щербак, 1981; Е.И. Коркина, 1981; Л.А. Бирюлин, 1994 ж.б.). Императивдик формалар тууралуу маалымат кыргыз жана башка түрк тилдеринин грамматикасы боюнча окуу куралдарында жана монографияларда (С. Кудайбергенов, 1957; А. Турсунов, 1978; С. Давлетов, С. Кудайбергенов, 1980; Э.Абдулдаев, С.Давлетов, А. Иманов, А. Турсунов, 1986; Ж. Мураталиева 2003; К. Токтоналиев, 2004; И. Абдувалиев, Т. Садыков, 1997; И. Абдувалиев, 2008; А. Иманов, 2009; Б. Сагынбаева, 2006; Ж. Элчиев, 2012) берилип жүрөт. Ал эми бул терминди лингвистикалык түшүнүк катары кээ бир лингвисттер (Зулпукаров К.З., Абдулатов А., Малабаев М., 2002; А. Абдулатов, 2006) өз изилдөөлөрүндө колдонуп жүрүшөт. Менимче, бул демилгеге орус окумуштууларынын таасири бар болуу керек (Г.П. Молчанова, 1976; А.П. Володин, В.С. Храковский, 1977, 1978, 2001). Булар салттуу лингвистикадагы идеяларды өздөштүрүү менен императив түшүнүгүнүн чегинде тилдин волюнтативдик функциясынын иштешин ар тараптан талдап, императивдердин когнитивдик логикалык, прагмолингвистикалык, этнолингвистикалык, лингвопаремиологиялык касиеттерин мүнөздөп чыгышкан.

Автор түркологияда "императив маселеси эки багытта изилденип келе жатат" деген пикирди (К.Т. Токтоналиев, 2004) колдойт. Биринчи топту кыйыр изилдөөчүлөр түзсө, экинчи топту атайын изилдөөчүлөр түзүшө тургандыгы айтылат. Кыйыр изилдөөчүлөр императивди атайын изилдөөгө албастан, этиштин ыңгайлары, өзгөчө этиштин буйрук ыңгайы жөнүндө изилдөө жүргүзүп жатышканда императивдин маани маңызына токтолуп кетишкен. Мындай изилдөөлөрдүн катарына К.Ишановдун "Повелительное и желательное наклонение в современном казахском языке" (1963) деген кандидаттык диссертациясын кошууга болот. К.Ишанов казак тилиндеги буйрук жана каалоо ыңгайларды ар тараптуу, бай материалдардын фактысында изилдеген. Ал буйрук ыңгайдын 1-жагынын мүчөсү барбы жана 1-жак буйрук ыңгайга киреби же ал каалоо ыңгай болуп калабы деген маселеге токтолуп, буйрук ыңгайдын 1-жагы жок, ал каалоо ыңгай катары кабыл алынарын далилдеген.

Кыргыз тил илиминде императив маселеси окумуштуулар арасында олку-солкулуктарды туудуруп келет. Айрыкча буйрук ыңгайдын формалары боюнча болгон маселе бир жактуу чечилишке толук ээ эмес. Илимпоз С. Кудайбергенов кыргыз тилиндеги ыңгай категориясын бир топ кеңири баяндап, императивдик маани буйрук ыңгайдын бардык жагында тең бериле тургандыгын жазган. Бул окумуштуу буйруктук маанини билдирген *-айын, -алы* мүчөлөрүн буйрук ыңгайдын 1-жагында карап, 1-жактын жекелик түрү

«кыймыл-аракет сүйлөөчүнүн өзүнө карата айтылганын көрсөтөт да, иштөөгө өзүн өзү түрткөндүгүн, чеккендигин, сурануусун, өтүнүүнү, башкача айтканда, субъективдүү мамилени билгизет» деп жазган [Кудайбергенов С. Кыргыз тилиндеги ыңгай категориясы. Труды ИЯЛ АН Кирг.ССР. Вып. 9. – Фрунзе, 1957. - 107 б.]. Ал эми 1-жактын көптүк түрү «тигил же бул кыймыл-аракетти иштөө үчүн сүйлөөчү өзү кирген топко кайрылганын көрсөтөт. Мында буйрукка караганда чакырык күчтүү десе да болот, бирок ошенткен менен буйруктун да элементи бар» [Кудайбергенов С. Кыргыз тилиндеги ыңгай категориясы. Труды ИЯЛ АН Кирг.ССР. Вып. 9. – Фрунзе, 1957. - 110 б.] деген ойду билдирген. 1964-жылы басып чыгарылган кыргыз тилинин грамматикасында да ушундай пикир билдирилген. Антсе да, ошол эле 1980-жылы басылып чыккан «Кыргыз адабий тилинин грамматикасы» аттуу китепте ыңгай категориясы Ж. Мураталиеванын авторлугунда даярдалып, анда *-айын, -алы* мүчөсү – «буйрук ыңгайды эмес, каалоо-тилек ыңгайды уюштуруучу мүчө» [376-378-бб.] деп жазылып чыккан. Ошондон кийин 1983-жылы түзүлгөн программада *-айын, -алы* мүчөсү буйрук ыңгайды эмес, каалоо-тилек ыңгайды уюштуруучу мүчө деп такталган. Ал эми Ж. Мураталиева өзүнүн 2003-жылы чыккан «Морфологияны синтаксистин негизинде окутуу» деген китебинде *-айын, -алы* мүчөлөрүн «буйрук ыңгайдын мүчөсү деп эсептебейм» деген кескин пикирин билдирген [56 б.].

3-параграф «**Императивдин функциялары жана өзгөчөлүктөрү»** деп аталып, мында императивдин этиштин башка формаларынан болгон формалдуу өзгөчөлүктөрү тууралуу кеп болот. Императивдин өзүнүн түз маанисинде апеллятивдик же чакыруу функциясын аткарышы жана анын футуралдык же келечекке багытталган мүнөздө болушу анын этиштин башка формаларынан болгон өзгөчөлүгү катары мүнөздөлөт. Фонетикалык өзгөчөлүгү катары прosodия (интонация) менен басым айтылат.

4-параграф **«Императивдин ыңгай категориясындагы орду»** деп аталып, бул маселеге байланыштуу лингвистикадагы айрым ажырым пикирлер, талаш-тартыштар жөнүндө сөз болот. Императив бир гана буйрук ыңгайды түшүндүрүп, ошондо гана колдонулбастан, кыйыр ыңгай тобунун башка мүчөлөрү болгон каалоо-тилек, шарттуу, ниет ыңгайларда да колдонулары белгиленет. Анткен менен, кыйыр ыңгайдын ичинен императив көбүнчө буйрук ыңгайдын составында болушу көптөгөн илимий эмгектердин негизинде далилденип көрсөтүлөт.

Биринчи глава боюнча айтылган пикирлер, келтирилген мисалдардын негизинде төмөнкүдөй **тыянактар** чыгарылат:

1. Императив – универсалдуу категория. Ал бардык тилдерде жолугат.

2. Императивдин башкы милдети болуп сүйлөөчүнүн каалоосун, ниетин жүзөгө ашыруу болуп саналат. Ал кепте апеллятивдик, же чакыруу

функцияларын реализациялоо үчүн кызмат кылат.

3. Императивдик маанилерди зекип аткартуу, коркутуп буюруу, мажбурлоо, сурануу, өтүнүч, ниет билгизүү, чакыруу, бата тилөө, алкоо, ант берүү, каргоо ж. б. семалар уюштурат. Ар бир сема өзүнө ылайык жагдайга ээ.

4. Императивдин мазмуну морфологиялык, лексикалык жана синтаксистик каражаттар аркылуу ишке ашат. Антсе да, ал кепте бир топ морфологиялык-прагматикалык өзгөчөлүктөргө ээ.

5. Императив буйрук маанисинен тышкары өтүнүчтү, каалоо-тилекти, жалынууну ж.б. маанилерди көрсөтөт, ошондуктан аны ыңгай категорияларынын ичинен бир гана буйрук ыңгайда колдонулат деп айтуу анчалык туура болбой калат, себеби императивдик сөздөр ыңгай категориясынын башка түрлөрү болгон баяндагыч, каалоо-тилек, шарттуу ыңгайларында да кеңири колдонулат. Анткен менен императивдин буйрук ыңгайда колдонулушу доминанттык ролго ээ болуп саналат.

Экинчи глава «**Императивдин морфологиялык көрсөткүчтөрү**» деп аталып, императивге грамматикалык анализ берилди.

1-параграф **«Императив парадигмасы»** деп аталат. Мында парадигма түшүнүгүнө аныктама берилип, кыргыз тилинин императивдик парадигмасы талданат. Түрк тилдеринин императивдик парадигмаларына салыштырма анализ жүргүзүлүп, кээ бир тектеш тилдердин (якут, башкыр, казак, уйгур тилдери) императивдик парадигмалары жөнүндө баяндалат.

Кыргыз тилинде императив он эки кичи парадигмадан турат деген пикир бышыкталып, аларга толук мүнөздөмө берилет жана алар конкреттүү факт-материалдар менен тастыкталып, жетиштүү мисалдар менен аргументтелет. Императивдин алломорфторунун толук тизмеси берилип көрсөтүлдү.

2-параграф **«Этиштин ыңгай категориясы»** деп аталып, ыңгай категориясында кыймыл-аракеттин чындыкка болгон карым-катышы **тике**, же **кыйыр** түрдө көрсөтүлөрү айтылат. Эгерде кыймыл-аракет чындыкта болгондой, болуп жаткандай, же боло тургандай (үч чактын бири менен) туюндурулса – тике, ал эми каалоо, ниет, тилек, өтүнүч, буйрук, шарт ж.б. маанилеринде болсо, кыйыр болору маалымдалат. Ушул өзгөчөлүктөрүнө карап, ыңгай категориясы тике жана кыйыр деп, жалпысынан эки чоң топко бөлүнөт: тике түрүнө – баяндагыч ыңгай, кыйыр түрүнө буйрук, каалоо-тилек, максат жана шарттуу ыңгайлар кирет.

3-параграф **«Буйрук ыңгай формалары»** деп аталып, буйрук ыңгайдын бардык жактары аркылуу уюшулган императивдер тууралуу кеп болуп, алардын ичиндеги айырмачылыктар көрсөтүлөт. Мисалы, буйрук ыңгайдын 2-жагы (жекелик же көптүк сандар) эң кеңири таралган форма

болуп саналат, ал дүйнөнүн, дээрлик, бардык тилдеринде жолугат. Бул императивдик маанини билдирген түз форма болуп эсептелет, себеби мында буйрук тыңдоочуга тикеден-тике берилет. Мисалы: – *Эй үка,* ***бери кел. Бол,*** *тез-тез* (К. Жусубалиев). Мында ***тез-тез*** тактоочу да императивдик мааниде.

Буйрук ыңгайдын биринчи жана үчүнчү жактары буйрукту тике билдирбестен кыйыр мааниде билдирет. 3-жакта буйрук тыңдоочу аркылуу үчүнчү жакка берилет. Мисалы: *Кол куушуруп алдыма* ***түшсүн!*** (К. Каимов). Мында буйрукту угуучу алып жатат, бирок аны угуучу аткарбайт. Аракетти ишке, кепке катышпаган тарап ашырат.

1-жак кандайдыр бир кыймыл-аракетти чогуу, биргеликте аткарууну билдирет. Мисалы: *Мындан ары* ***чатакташпай жүрөлү,*** *макулдашдыкпы?*

4-параграф **«Каалоо-тилек ыңгайындагы императив»** деп аталат. Мында императив каалоо-тилек ыңгайында *-айын, -йын; -алы, -айлы* мүчөлөрүнүн жардамы аркылуу кандайдыр бир кыймыл-аракетти аткарууга болгон каалоону, тилекти, чакырыкты билдирип, өз семасына өтүнүү, сурануу, коркутуу, кекетүү ж.б. маанилерди камтып жүрөрү тууралуу айтылат.

Ушул главанын акыркы параграфы **«Шарттуу ыңгай туюндурчу императив»** деп аталып, айкашкан сөздөрүнүн семантикасына карай *–са* формасы сүйлөм тизмегинде бир топ императивдик маанилерде колдонулары конкреттүү мисалдардын негизинде бышыкталат.

Ошентип, императивдин морфологиялык көрсөткүчтөрү тууралуу айтылган ойлор менен байкоолор төмөнкүдөй **тыянактарды** чыгарууга негиз берет.

1. Кыргыз тилине жана ага тектеш болгон тилдерге жүргүзүлгөн анализ бул тилдерде императивдин алтыдан он экиге чейинки микропарадигмалары бар экендигин далилдейт. Антсе да, көпчүлүк түркологдордун ортосунда ушул маселеге байланышкан талаш-тартыштар бул маселенин дале болсо актуалдуу экендигин жана аны деталдап карап чыгуу милдети бар экендигин билдирет.

2. Этиштин ыңгай категориясы кыймыл-аракеттин реалдуулукка болгон мамилесин сүйлөөчүнүн атынан билдирип туруучу категория болуп саналат жана аткарган кызматына карай түз жана кыйыр деп экиге бөлүнөт.

3. Буйрук ыңгайдын 2-жагы императивдик түз маанини (буйрук, талап, өкүм, өтүнүч ж.б.), ал эми биринчи жана үчүнчү жактары кыйыр маанини билдирет.

4. Каалоо-тилек, шарттуу ыңгайды туюндуруучу императивдер кандайдыр бир кыймыл-аракетти аткарууга болгон каалоону, тилекти, чакы-

рыкты, шартты билдирип, өз семасына өтүнүч, сурануу, коркутуу, опузалоо, кекетүү ж.б. маанилерди камтып жүрөт.

Үчүнчү глава «**Сүйлөм тутумундагы императивдер жөнүндө**» деп аталат.

1-параграф **«Императив – лингвистикалык категория»** деп аталат. Кыргыз тилинин материалына болгон анализ императив лингвистикалык категория катары бир топ маанилерди берерин көрсөттү, алар буйрук, өтүнүч, талап, кеңеш, буйруу, тапшырма, уруксат, макулдук, тыюу, сунуш, чакырык, эскертүү, жалынып-жалбаруу, алкоо, каалоо, ынандыруу, коркутуу, инструкция, каргоо, ант берүү ж.б. билдире тургандыгы айтылат жана алар конкреттүү мисалдар менен бышыкталат.

2-параграф **«Императив жана этика»** деп аталып, этикада императив кеңири колдонулары, жана ал көбүнчө эмпирикалык кеңештерден, каалоо-тилектерден турары жөнүндө жазылат.

Императивдик паремиялар этикалык талаптардан турат, ошондуктан алар чоң тарбиялык мааниге ээ. Ар бир адресатты, угуучуну же окуучуну алар жакшылыкка, жакшылык кылууга, бир жакшылыкты көп эсе кайтарууга, бул эреже ата-баба салты экендигин билүүгө үйрөтөт.

Императив – этикалык-нравалык категория. Ал улуттун бардык өкүлдөрүнө бирдей тиешелүү. Императив жашоону багыттайт, чектейт жана жетектейт. Аны коом кабыл алат, текшерет, пайдаланат. Жаштарды нравалык эрежелер менен куралдандырат, алардын **ойлоосуна, жүрүм-турумуна туура багыт берет**.

3-параграф **«Императивдин педагогикадагы мааниси»** деп аталат. Императивдик паремиялар педагогикада орчундуу ролду аткарышат. Императивдер педагогикалык максатта колдонулуп, жаш муундардын эстутумун элдик билим, элдик байкоо, эреже менен байытып турат. Ошондуктан алар таалим-тарбия берүүнүн күчтүү каражаты катары каралып жүрөт. Алар окуучулардын акыл-эс чабытын кеңейтет, дүйнө түшүнүүнү тактайт. Жаштарды нравалык эрежелер менен куралдандырат, алардын ойлоосуна, жүрүм-турумуна туура багыт берет. Адамды баалоого, аны менен мамиле кылууга үйрөтөт.

4-параграф **«Императив аскер кызматында»** деп аталып, буйрук билдирүүнүн категориялык маанидеги белгилери айрыкча аскердик командаларда, талаптарда жана өтүнүчтөрдө көп колдонула тургандыгы тууралуу айтылат. Аскердик команда берүү формалары императивдин жогорку деңгээлин мүнөздөйт жана алар кыймыл-аракеттин **кыңк этпей, кыйшаюусуз, милдеттүү түрдө аткарыларын** талап кылат.

5-параграф **«Императив диний түшүнүктөрдө»** деп аталып, диндин бардык агымында Жаратkандын улуулугуна ишенүүгө, ага табынууга,

сыйынууга, андан коркууга болгон чакырыктар императивдик таризде берилери айтылат. Мындай талаптар адамдардын кайсы бир кыймылды аткаруусу керек экендигин же аны жасоодон баш тартуусун көрсөтүп, алардын жүрүм-турумуна багыт берип турат. Адамдар жаратқандан коркуп, ошол айтылган талаптарды так аткарууга аракет жасашат.

**«Макал-лакаптардагы императивдер»** деген 6-параграфта макал-лакаптардагы императивдер сыпатталат. Макалдын баштапкы, эң зарыл касиети – тажрыйба-билим чагылдыруучулук, идея топтоочулук жана таркатуучулук, дүйнө өздөштүрүүчүлүк сапаты. Демек, макал үчүн прагматикалык информацияга караганда когнитивдик информация зарылыраак.

Макалдар фонду – бул эл кабыл алган, эл түзгөн стереотиптүү ойлордун, пикирлердин, императивдердин «кампасы». Макалдардын негизги идеясын тарыхты, үрп-адатты, салтты ж.б. урматтоо, сыйлоо, ыйык тутуу жана аларды акаарат кылбоо түзөт. Бул талап учурдагы муундун алдына коюлат. Ушул шартта гана бул муун келечек муундар үчүн чоң кызмат кылган болот, алар үчүн өтмүш тууралуу жаркын маалымат сактап берген болот.

*Жаңы дос жаныңда жүргөндө, эски дос эсиңде **жүрсүн.*** Бул макалдын мааниси – достукту баалоо, чыныгы достукту убактылуу мамиледен ажырата билүү, “дос” түшүнүгү бул ыйык мамиле экендигин түшүнүү, анын зарылчылыгын баалоо болуп саналат.

7-параграф **«Энчилүү аттардагы императивдер»** деп аталат.

Адамга ат коюу ар бир улуттун маданиятына, диний көз карашына, этникалык көрүнүшүнө, ырым-жырымдарына, приметаларына, үрп-адаттарына ж.б. жараша болот. Адам аттары – эл байлыгы, эл чыгармачылыгы, коомдук маданий жана рухий байлык. Мына ошондуктан ал ар дайыма барктап кадырлоону, иликтеп-иргөөнү, улам кийинки муундарга тартуулап турууну талап кылат.

Балага ат коюу өтө манилүү, ары жооптуу вазийпа болуп саналат. Адамдар коюлган ат наристеге бакытты, ырыскыны, жетишкендикти ж.б. жакшылыктарды алып келүүсүнөн үмүттөнөт жана ага тилек кылат. Мындай үмүттөр, тилектер, каалоолор императивдик нукта болот.

Бул параграфта ушундай таризде коюлган кээ бир аттар анализденип, мисалдарды келтирүү менен (*Байбол, Бекбол, Эрбол, Бурул, Кайрыл, Амантур, Эсентур, Бектурсун, Колдош, Турсун(ай), Токтосун, Күлсүн* ж.б.), кыргыздарда антропонимдик императивдер кеңири таркалгандыгын, алардын биздин ат коюубузда кенен колдонула тургандыгы айтылат.

Ошондой эле, императивдер энчилүү аттардын курамында жолугарын, жүрө-жүрө буйрук уңгудагы мааниден алыстап, өз денотаты катары конкреттүү адамды же жерди туюнтуп калгандыгы да мисал иретинде көрсөтүлөт.

8-параграф **«Ымдоо-жаңсоолордогу императивдер»** деп аталат. Мында кыргыз элинин оозеки сүйлөшүүсүндө колдонулган ымдоо-жаңсоо белгилеринин, адам жүзүндөгү ар кандай өзгөрүүлөрүнүн функциялары иликтенет, алардын этикет эрежелери, тыюу-чектөөлөрү аныкталып, алар өзүнүн семасында  императивдик маани алып жүрөрү айтылат. Ымдоо-жаңсоолорду колдонуу менен адресант адресатты кандайдыр бир кыймыл-аракетти аткарууга («бери кел» ымдоосу) же аткарбоого («үнүңдү чыгарба» деген жаңсоо) буйруп турары баяндалат. Бул параграфта келтирилген айрым ымдоо-жаңсоолор аларда императивдик маани берилишин даана тастыктай алат.

9-параграф **«Жол белгилери аркылуу берилүүчү императивдер»** деп аталат. Жол белгилери, б.а. стандарттык түрдө жасалган графикалык тартуулар, бул жол кыймылын көзөмөлдөөгө, башкарууга жардам берчү техникалык каражат болуп эсептелет. Бул белгилер чакырык, эскертүү, талап маанисинде берилип, негизинен, императивдик нукта болушат да, айдоочуларга кандайдыр бир кыймыл аракетти аткаруу же аткарбоо керектигин билдирип турат. Жол белгилери бир топ категориялардан турары айтылып, алар конкреттүү фактылык-материалдардын негизинде талкууланат.

10-параграф **«Паремиялардагы позитивдүү императивдер»** деп аталып, мындай түзүлүштөгү императивдерге **алкоолор, баталар, тилектер, каалоолор** ж.б. кирип, алар адресатты шыктандырып, аракетин активдештирип, жашоосуна дем, кубат, стимул берери айтылат. Мисал катары, элибизде кеңири таркаган төмөнкүдөй алкоо келтирелет: *Айланып* ***кетейин****,* *садагаң* ***болоюн.*** Бул паремия көбүнчө улгайган аял адресанттардын тилине мүнөздүү. Ал адресатка болгон кыйбас мамилесин, аны жандили менен жакшы көрөрүн билгизет. Мында салт чагылдырылган. Кыргыздарда узак жок болуп келген адамга (аскерде жүрүп, саякатта болуп, түрмөдөн бошоп, ажыдан кайтып ж.б. учурларда) садага чаап, союлган малдын (көбүнчө улактын) өпкөсүн башына чапкылап итке ыргытуу ырымы мүнөздүү. Бул – эки сүйлөмдөн турган алкоо. Интонациясы боюнча, мааниси боюнча алар бир бүтүндүктү түзөт. Предикаттары биринчи жактын жекелик санындагы  императивден уюшулган.

*Алда балакетиңди* ***алайын*** – алкоосунда адресатка болгон камкордукту, жакшылыкты каалоо билдирилет. Ушул алкоо аркылуу адресант адресаттын жамандыктан, кокустуктан, кыйынчылыктардан ж.б. оолак болуп жүрүүсүн тилегендикти билдирет жана кандайдыр бир кыйынчылык кезеңге адресат дуушар болсо, ага өз жардамын берүүгө даяр экендигин көрсөтөт.

*Кудай жалгасын!* – деген батаны талдай турган болсок бул  батанын колдонулушу жаш өзгөчөлүккө (улуу/кичүү, кары/жаш дегендей) жараша

болот. Бата тилеген адамдын жашы демейде улуураак болот. Башка учурларда да колдонулат. Мисалы, жаңы келген келин босогодо туруп салам салганда, үйдө олтургандар бул батаны айтышат. Мында бул бата төмөнкүдөй мааниге ээ:

- келинди, кудай жалгап, келген жеринен бакыт таап, агарып-көгөрүп өсүшүн билдирет;
- анын ар дайым элпек болуп, жүгүнүп, кайын журтун сыйлап өт деген мааниде колдонулат;
- сен өзүң да ушундай күнгө жет, б.а. келин ал деген имплициттик (ачык эмес, тымызын) ойду туюнтат.

Мындай бата адресаттын (келиндин) келечектеги иш аракетине стимул берет, аны шыктантып, максаттуу өмүр кечирүүгө түртөт. Ушул жагын алганда, батада кереметтүү, магиялык күч берилет. Адресант менен адресатка көнүмүш кубулуштардан тышкаркы сырдуу дүйнөгө ишеним туулат. Адамдардын аң-сезими үчүн абсолюттук дух эбегейсиз кубаттуу жана сырдуу туюлат. Бул күч зат-рух дүйнөнүн жаратуучусу катары кабыл алынат.

Ошентип, позитивдик императивдик паремиялар көп функциялуу чыгарма түрүндө колдонулуп:

- адресанттын адресатка болгон терең ысык мамилесин билгизет;
- адресаттын адресантка караганда жашы боюнча кичүүлүгүн, коргоого, алкоого, сүрөмөлөөгө муктаждыгын маалымдайт;
- адресанттын жашоодо ордун таап алгандыгын, жашы боюнча улуулугун, боорукерлигин жана тажрыйбалуулугун көрсөтөт;
- адресатка ориентир, багыт берип, анын келечекте узак жана туура жашоого умтулушуна психологиялык өбөлгө түзүп ынандырат;
- адресаттын сезиминде оптимисттик ноталарды күчөтүп, болочокко ишенимдүү кароого жол ачат;
- анын адресантка сүйөнүп, мунун көмөгү менен жашоосуна, жашоону уюштуруусуна негиз болот;
- адресант имплициттик түрдө экинчи тараптан өзүнө да ошондой мамиле болушун каалайт;
- эки тараптын мамиле алакасы чыңалат.

11-параграф «**Паремиялардагы негативдүү императивдер**» деп аталат.

Негативдүү паремиялар (сөгүү, каргоо ж.б.) адамдын аң-сезиминде терс ассоциацияларды пайда кылат. Алар императив түрүндө берилип, алкоонун, батанын антиномиясы катары кабыл алынат. Мисалга, бүт кыргыздарга түшүнүктүү жана мүнөздүү каргыштарды талдап көрөлү: 1) *Өлүгүңдү* ***көрөйүн***. Бул каргышта адресант өзүнө адресатка караганда

узагыраак жашоону, адресаттын өлүмүн көрүүнү, ошондон канааттануу алууну тилейт. Каргыш адресатка багытталат, ага «кырсык», жамандык жөнөтүлөт, ошол эле учурда адресант өзүнө өмүр, жакшылык тилейт. 2) *Кара башыңды **же**!* Бул каргышта адресатка өз өмүрүнө өзү кыйынчылык, зыян, жоготуу алып келүүсү тиленилип жатат. Албетте, бул каргыштын өтмө маанидеги түрүнө кирет, чынында адам өзүнүн башын жебейт. Мындай каргыштын семасын өзүңдүн түбүңө жет, жаның кыйналып кордук көрсүн, башыңдан мүшкүл иш кетпесин деген негативдүү пикирлер түзөт.

*Арка-мойнуң үзүлсүн ылайым! (Ылайым, аксакал болбой кал!)* деген сөгүүнү ала турган болсок, бул бир топ паремиялык сапаттарга ээ:

1) көлөмү чектүү - үч сөздөн турат; сүйлөм түзүлүшүнө ээ;

2) бу даяр формула, ал түзүлбөйт, өзгөрүлбөй эле ар ким тарабынан тикеленип колдонула берет;

3) бүт улутка мүнөздүү, бүт кыргыздарга түшүнүктүү;

4) адресат менен адресант бар, алардын өз ара мамилесин туюнтат;

5) типтүү кырдаалда колдонулат: одоно кепке мүнөздүү;

6) түзүлүшү туруктуу, сөздөрдү инверсиялоого, орун алмаштырууга болбойт;

7) бардык сөздөр өтмө мааниде: бул жерде адресаттын арка-мойну тууралуу, анын үзүлүүсү тууралуу айтылбайт;

8) императив түрүндө колдонулган.

Бу сөгүү - негативдик мааниде. Мында эмотивдүү маанидеги адресат менен адресанттын өз ара мамилелерин туюнткан гана типтүү формула өзүнүн колдонулушуна ылайык жагдайда пайдаланылды. Мында адресант өз алдына адресатты ыза кылуу, анын эмоциясында негатив пайда кылуу максатын койгон. Бу сөгүү паремиясы ар жагдайда пайдаланылат, айтуу интонациясы да ар кыл. Мында адресаттын да жашы, кудрети, жорук-жосуну ж.б. белгилери мааниге ээ. Бул жерде пикир, чындык же жалгандык берилбейт. Сүйлөм бүтүн болгону менен мында нерсенин бар-жоктугу, анда тигил же бул сапаттын бар–жоктугу белгиленбейт. Адресант сөгүү менен адресаттын аң-сезиминде адекваттуу, өз жоругуна тете эмоциялык абалды жаратууга умтулат.

Жогорудагы мисалдардан көрүнгөндөй, сөгүү жана каргоо императивдери магиялык касиети менен адамдарды өз ара ийги мамиле жүргүзүүгө үйрөтөт. Ар ким каргыштан этияттанып, өзүн туура, адил, ак ниет, боорукер, камкор кылып алып жүрөт. Ал адам ниетин түздөйт. Ошондуктан биз каргыштарды жүрүм-турумдарды оң прогноздоо каражаты катары баалайбыз. Ошентип, **негативдүү сөгүү жана каргоо императивдик паремиялары позитивдүү функция аткарат**.

Булардан сырткары кийинки параграфтарда **ант императивдери, тыюу формаларындагы ырым-жырымдар, чакырык паремияларындагы императивдик мазмун, ураан билгизүүчү императивдик сүйлөмдөр** (§12-15) өз-өзүнчө каралып, аларга тиешелүү теориялык, прагматикалык маалыматтар, жоболор талдоого алынды.

## Корутунду

Императивдин лингвистикалык маани-маңызын изилдеп төмөнкүдөй натыйжаларга жетиштик:

1. **Императив – универсалдуу категория.** Ал бардык тилдерде жолугат жана коомдун өкүлдөрүнө бирдей тиешелүү. Императив жашоону багыттайт, чектейт жана жетелейт. Аны коом кабыл алат, текшерет, пайдаланат. Ал адамдарды нравалык эрежелер менен куралдандырат, алардын ойлоосуна, жүрүм-турумуна туура багыт берет;

2. Императивдерди изилдөө ар кыл илимдердин жоболоруна кайрылууга мажбурлайт. Аларды иликтөө **лингвистикалык, этнопедагогикалык, жалпы педагогикалык, логикалык, этнопсихологиялык, теологиялык, этнографиялык, гносеологиялык, политологиялык, семиотикалык** ж.б. тармактардагы маалыматтарды пайдаланууну, сыпаттоону талап кылат.

3. Кыргыз тилине жана ага тектеш болгон тилдерге жүргүзүлгөн анализ, бул тилдерде алтыдан он экиге чейинки микропарадигмалар бар экендигин далилдейт. Антсе да, көпчүлүк түркологдордун ортосунда ушул маселеге байланышкан талаш-тартыштар, бул суроонун дале болсо актуалдуу экендигин жана аны деталдап карап чыгуу милдети бар экендигин билдирет.

4. Императив педагогикада кеңири колдонулат деп айтууга жүйөө бар. Анткени императивдик формулалар жаштардын дүйнө таанымын кеңейтет, аң-сезимде буйруу, тыюу, колдоо маанидеги паремия түшүнүктөрүнүн толук калыптануусуна өбөлгө болот. Макал-лакаптардагы императивдер паремиянын бир чоң түрү катары коом кабыл алган баалуулуктарды, эрежелерди чагылдырып турат, ошондуктан коомдо таалим-тарбия берүүнү уюштурууга жардам кылат.

5. Императив аскер кызматында, динде, антропонимде, топонимде, ымдоо-жаңсоолордо колдонулуп, өзүнүн семасында буйрук, тыюу, талап, каалоо, тилек, насаат ж.б. маанилерди алып жүрөт.

6. Макал-лакаптардагы императивдер адамдардын дүйнө тууралуу билимин, тажрыйбасын, элестөөлөрүн, этикалык эрежелерин, рухий дөөлөттөрүн камтыйт, каттайт, сактайт, элден-элге таркатат, муундан-муунга өткөзүп берип турат. Алар элдик ой-пикирдин тынымсыз байып турган казынасы. Буларда билим, тажрыйба сакталат, ошолор аркылуу пикир

алышууда сүйлөөчү менен угуучунун ортосунда түшүнүү жүрөт. Алар акыл-эс чабытын кеңейтет, дүйнө түшүнүүнү тактайт.

7. Императив лингвистикалык категория катары өз семасында төмөндөгүдөй маанилерди: **буйрук, өтүнүч, талап, кеңеш, буйруу, тапшырма, уруксат, макулдук, тыюу, сунуш, чакырык, эскертүү, жалынып-жалбаруу, ынандыруу, коркутуу, инструкция** ж.б алып жүрөт.

8. Императив – этикалык-нравалык категория. Ал улуттун бардык өкүлдөрүнө бирдей тиешелүү. **Императив жашоону багыттайт, чектейт жана жетектейт**. Аны коом кабыл алат, текшерет, пайдаланат. Жаштарды нравалык эрежелер менен куралдандырат, алардын ойлоосуна, жүрүм-турумуна туура багыт берет.

9. Императивдик паремиялардын микрожанрлары өтө көп. Аларды шарттуу түрдө **позитивдүү жана негативдүү императивдик паремиялар** деп эки топко бөлсө болот:

Позитивдүү маанидеги императивдик паремиялар (алкоо, каалоо-тилек, чакырык) адресаттын келечектеги иш аракетине жана жашоосуна дем, кубат, стимул берет. Ал адресатты жашоого шыктантат, импульска ээ кылат, аракетин активдештирет, анын максаттуу өмүр кечирүүсүнө түрткү берет. Мындай императивдер стимулятордук ишти аткарышып, адресатты максаттуу иш жүргүзүүгө багыттайт.

Негативдүү маанидеги императивдик паремиялар (каргоо, сөгүү, тыюу, ант императивдери), тескерисинче, адресаттын психикасын өзгөртүп, жалпы абалын начарлатып, организминин ориентациясын жана иммунитетин алсыздантат, анын акыл оюн, дитин ээлеп, аны басынтып, чүнчүтүп, келечектен үмүтүн үздүрүп, кайсы бир жамандыктарга (оолактоо, бошошуу, сыркоолоо ж.б.у.с.) кириптер болушуна алып келиши ыктымал. Анткен менен, **негативдүү маанидеги императивдик сүйлөмдөр адамды терс аракеттерден оолактоого, туура жана ак ниеттүү болууга багыттайт**. Тыюулар формасы боюнча негативдүү болгону менен коомдогу тартипти, салт-санааны сактоого чоң үлүш кошот.

10. Императив, буйрук маанисинен тышкары ошондой эле өтүнүчтү, каалоо-тилекти, жалынууну ж.б. маанилерди көрсөтөт, ошондуктан аны ыңгай категорияларынын ичинен бир гана буйрук ыңгайда колдонулат деп айтуу анчалык туура болбой калат, себеби императивдик сөздөр ыңгай категориясынын башка түрлөрү болгон баяндагыч, каалоо-тилек, шарттуу ыңгайларында да кеңири колдонулат. Анткен менен императивдин буйрук ыңгайда колдонулушу доминанттык ролго ээ болуп саналат.

**Диссертациялык темага тиешелүү жарык көргөн эмгектердин тизмеси:**

1. Кабылов Т.Б. Императивдик маанинин буйрук ыңгайда берилиши [Текст] / Т.Б.Кабылов // Сб. научных трудов факультета русской филологии ОшГУ. – Ош, 2007. - Вып. 1.  – 25-33-б.

2. Кабылов Т.Б. Позитивдүү жана негативдүү маанидеги императивдик паремиялар жана алардын кептеги орду [Текст] / Т.Б.Кабылов // Ош МУнун жарчысы / Индия и Кыргызстан: взаимодействие цивилизаций: материалы V–международной научной конференции. – 2008. – 133-136-б.

3. Кабылов Т.Б. Модалдык сөздөр жана алардын императивде берилиши [Текст] / Т.Б.Кабылов // Ош МУнун жарчысы  / Индия и Кыргызстан: взаимодействие цивилизаций: материалы V – международной научной конференции. – 2008. - 136-138-б.

4. Кабылов Т.Б. Императивдик маани, анын функционалдык милдеттери жана этиш категориясындагы орду [Текст] / Т.Б.Кабылов // Ош МУнун жарчысы. – 2008. - №4. - 74-77-б.

5. Кабылов Т.Б. Императивдин кыргыз тилиндеги морфологиялык-прагматикалык өзгөчөлүктөрү [Текст] / Т.Б.Кабылов // Ош МУнун жарчысы. – 2010. - №4. - 59-62-б.

6. Кабылов Т.Б. Понятие и сущность императива [Текст] / Т.Б.Кабылов // Вестник РГСУ. – 2010. - №3. – С. 83-87.

7. Кабылов Т.Б. Кыргыз тилинин императивдик парадигмасы [Текст] / Т.Б.Кабылов // Сб. научных трудов факультета русской филологии ОшГУ. – Ош,  2011. - Вып. 3.  - 77-81-б.

8. Кабылов Т.Б. Императив лингвистикалык категория катары [Текст] / Т.Б.Кабылов // Ош МУнун жарчысы. – 2012. - №3, 1-чыг. - 68-70-б.

**Кабылов Тойчубек Бекмуратовичтин**
**10.02.19 – тилдин теориясы адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Императивдин лингвистикалык маани-маңызы» аттуу диссертациялык эмгегинин**
**резюмеси**

**Негизги сөздөр:** императив, императивдик парадигма, прагматика, экстралингвистикалык факторлор, вербалдык эмес императивдер, просодика, императивдик антропонимдер, позитивдүү жана негативдүү императивдик паремиялар.

**Иштин актуалдуулугу** тил илиминде императив маселесине байланышкан проблемалардын толук чечилбегендиги, вербалдык жана вербалдык эмес императивдердин лингвоэтнокультуралык категория катары изилденбегендиги менен шартталат.

**Диссертациялык иштин максаты** тил илиминде императивдин лингвистикалык маани-маңызын, семантикалык функцияларын жана өзгөчөлүктөрүн изилдөө болуп эсептелет.

**Эмгектин негизги илимий натыйжалары:**

- императивдин лингвоэтнокультуралык категория катары тилдик жана тилдик эмес маани-маңызы аныкталды;
- императивдин тилдеги грамматикалык, актанттык-семантикалык, прагматикалык, когнитивдик-менталдык, тарбиялык-этикалык жана диний-магиялык өзгөчөлүктөрү көрсөтүлдү;
- императивдин парадигматикасы морфологиялык, синтаксистик жана тексттик деңгээлде мүнөздөлдү; анын көп баскычтуу түзүлүшкө ээ экендиги тастыкталды;
- императивге кайрылуу, аны тандоо жана колдонуу экстралингвистикалык факторлор менен (кырдаал, шарт, адресант менен адресаттын максаты, каалоосу, мүнөзү, ал-абалы, жашы, иш-аракети, жорук-жосуну, муктаждыгы ж.б. бөтөнчөлүктөрү) шартталып турары аныкталды;
- императивдик сүйлөмдөрдүн тектеш жана тектеш эмес тилдерде берилишине салыштырма сереп жүргүзүлдү;
- императивдин колдонулуш түрлөрү жана чөйрөлөрү (сүйлөшмө кеп, идеологиялык, диний, дидактикалык, аскердик, топонимикалык, антропонимикалык, ж.б.) тууралуу маалыматтар берилди;
- императивдин тилдеги транспозициялык жана трансформациялык көрүнүштөрү анализденди.

Изилдөө процессинде **эмпирикалык методдук** ыкмалары менен катар (материал топтоо, каттоо, сурамжылоо, байкоо, лингвистикалык эксперимент, транформациялоо, чечмелөө, системалаштыруу, топтоштуруу ж.б.) **теориялык методдук** да ыкмалары (формалдаштыруу, моделдештирүү, жалпылоо, анализ, синтез, индукция, дедукция, сыпаттоо, салыштыруу, аналогия ж.б.) пайдаланылды.

Иликтөө жалпысынан полипарадигмалдык өңүттө аткарылды.

**Резюме**
**диссертации Кабылова Тойчубека Бекмуратовича**
**“Лингвистическая сущность императива” на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности**
**10.02.19 – теория языка**

**Ключевые слова:** императив, императивная парадигма, прагматика, экстралингвистические факторы, невербальные императивы, императивная просодика, императивные антропонимы, позитивные и негативные паремийные императивы.

**Актуальность темы** заключается в нерешенности многих проблем, связанных с императивом, в неизученности императивных вербальных и невербальных образований как лингвоэтнокультурной категории в общем и киргизском языкознании.

**Цель работы** – определение лингвистической сущности и семантических функций императива в языке.

**Основные научные результаты** исследования:

- определена языковая и внеязыковая сущность императива как лингвоэтно-культурной категории;
- выявлены грамматические, актантно-семантические, прагматические, когнитивно-ментальные, воспитательно-этические и религиозно-магические особенности императивных образований в языке;
- охарактеризованы императивная парадигматика на уровнях морфологии, синтаксиса и текста; продемонстрировано многоступенчатая устроенность императивной парадигматики;
- показана роль нелингвистических факторов (ситуации, места и времени общения; статуса, возраста, характера, целей, желаний, этнической принадлежности и других свойств участников общения; этикета, обычаев, традиций, религиозных воззрений этноса и т.д.) в выборе и предъявлении императива;
- осуществлен сравнительный анализ киргизских императивных парадигм с соответствующими единицами родственных и неродственных языков;
- описаны типы и виды императивов применительно к различным условиям и сферам общения (разговорно-бытовые, идеологические, религиозные, дидактические, военные, топонимические, антропонимические);
- проанализированы явления транспозиции и трансформации в императивах языка.

**Применяемые методы:** 1) *эмпирические*: сбор, регистрация, систематизация фактов, опрос, интерпретация, классификация, подсчет, лингвистический эксперимент и др. 2) *теоретические*: формализация, моделирование, обобщение, анализ, синтез, описание, сравнение, аналогия, индукция, дедукция и т.д.

Исследование осуществлено в полипарадигмальном плане.

**Resume**
**Kabylov Toichubek Bekmuratovich**
**"Linguistic essence of imperatives"**
**Dissertation for the degree of Candidate of Philological Sciences in the major of 10.02.19 - Theory of Language**

**Key words**: the imperative, the imperative paradigm, pragmatics, extralinguistic factors, nonverbal imperatives, the imperative prosody, imperative anthroponomy, positive and negative paremical imperatives.

**Actuality of the topic** lies on the factors that the verbal and nonverbal imperatives as linguaethnocultural category is not studied enough in general and Kyrgyz linguistics.

**Purpose of the research** – to determine the linguistic nature of the imperatives in the language.

**Basic scientific research results:**

- the linguistic and extra-linguistic entity of imperatives as a linguaethnocultural category were defined;
- the grammatical, semantic, pragmatic, cognitive, mental, educational, ethical, religious and magical features of imperative structures in the language were identified;
- the imperative paradigms on the levels of morphology, syntax, and text were described;
- the role of non-linguistic factors (situation, time and place of communication, status, age, character, goals, desires, ethnicity, and other properties of participants in the communication; etiquette customs, traditions, religion, ethnicity, etc.) in the selection and presentation of the imperatives were shown;
- the comparative analysis of the Kyrgyz imperative paradigms with the relevant units of related and unrelated languages were studied;
- the types and kinds of imperatives in relation to different conditions and areas of communication (colloquial, ideological, religious, military, toponymic, anthroponymic) were described;
- the phenomenon of transpositions and transformations in the imperative language were analyzed.

**Used methods**: 1) *Empirical*: data collection, registration, categorization of facts, the survey, interpretation, classification, counting, linguistic expe–riment, etc. 2) *Theoretical*: formalization, modeling, generalization, analysis, synthesis, description, comparison, analogy, induction, deduction etc.

The study was carried out in a poliparadigmal approach.

**Кабылов Тойчубек Бекмуратович**

**ИМПЕРАТИВДИН ЛИНГВИСТИКАЛЫК МААНИ-МАҢЫЗЫ**

Автореферат

Өлчөмү 60Х84 1/16.
Кагаз офсет. Офсеттик басуу. Көлөмү 1,5 б.т. Нускасы 100.
Бишкек ш., Раззаков к., 49. ЖИ «Сарыбаев Т.Т.»
т. 62-67-76
e-mail: talant550@gmail.com